# Ланч-боксто эмне бар?



Автор: Сомесунтарам Шанмугаприя

Сүрөтчү: Расадурай Сурендран

Которгон: Айгуль Джунушалиева

# Ланч-боксто эмне бар?

Автор: Сомесунтарам Шанмугаприя
Сүрөтчү: Расадурай Сурендран
Которгон: Айгуль Джунушалиева

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган”

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Ланч-бокстo эмне бар?" (кыргыз тилинде), Айгуль Джунушалиева тарабынан которулуп адаптацияланган. *What is in the lunch box?* (англисче) чыгарманын негизинде, автору Somesuntaram Shanmugapriya жана сүрөтчүсү Rasaduray Surendran. ©The Asia Foundation - Let’s Read, тарабынан 2022-жылы CC-BY-NC-4.0 лицензиясы боюнча басылып чыккан. Чыгарманын түп нускасын бул жерден көрө аласыз: https://www.letsreadasia.org/book/whats-in-the-lunch-box?bookLang=4846240843956224

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom




– Митусан, сенин кутучаңда эмне бар? – деп сурады Кабилан.

– Эч нерсе, – деди Митусан, башын чайкап.

Бирок Митусан ланч-боксун ачып-жаба берди.

– Митусан, ланч-боксуң менин столумда туруп турсунчу, – деди мугалим.





Митусан тынчсызданып турду. *Мугалим кутучасын ачсачы*? Ал окууга көңүлүн топтой алган жок. Ал ланч-боксу тууралуу гана ойлонуп жатты.

Түшкү тамакка коңгуроо кагылып, Митусан столго чуркап келип, кутучасын алды. Бирок түшкү тамакта Митусан ланч – боксун ачкан жок. Анын ордуна, ал баштыктан крекер алып чыгып, жеп алды.





– Бүгүн түшкү тамагыңды унутуп калдыңбы? Ошондуктан, ланч-боксуңду кечке карап отурдуңбу? – деп достору күлүп сурады.

– Эч нерсе эмес, биз тамагыбыз менен бөлүшөбүз, – деди Кабилан.

Түштөн кийин илимий лабораторияда Митусан тынчсызданды.

– Эгер кимдир бирөө кутучаны ачсачы? Мен аны кайда жашырсам? – деди ал.

Ал ланч-боксун жашыруу үчүн эң сонун жерди тапты.






Кечинде Митусан кутучасын алып, кубанган бойдон үйүнө жөнөдү.

– Ырас болду, мени эч ким көргөн жок! – деди ал.

Бурулуп караса артында  Кабилан туруптур. Ал кутучада эмне бар экенин көрүп калган.

– Митусан, сен муну мектепке эмнеге алып келдиң? Эгер мугалимдер көрүп калса, эмне болот? Сен муну кайдан алдың? – деп сурады Кабилан.





– Тигил жактан. Көлмөдөгү суу кургап калып, ал жолдун четинде жатыптыр. Байкуш! Ошондуктан мен аны ланч-боксума салып алдым, – деп түшүндүрдү Митусан.

– Ал эми сенин ланч-боксуңдагы түшкү тамагың кайда? – деп сурады Кабилан.

– Балык ачка болгондуктан, мен тамакты ага бердим.

Кабилан досу үчүн сыймыктанды. Митусанда дагы ошондой эле сезимдер болгон.

– Кабилан, менин сырымды ачпаганың үчүн рахмат, – деп досуна ыраазычылык билдирди.





– *Апа, апа* ! – Митусан үйгө кирип, апасын чакырды.

– Биздин үйдө конок бар! Ал мени менен калат.

– Бул көлмөдө жашаган балык. Суудан секирип чыга берет. Ал чоң балык болуп өсөт. Бул кичинекей кутучада чоңоё албайт.

Алар балыкты көлмөгө кайтарууну чечти, бирок…


Митусан балык үчүн тынчсызданып жатты.

– Суу мындан ары дагы кургай берсе, бул кичинекей балык көлмөдө кантип жашайт? – деп ойлонду ал.

Анын ата-энеси макул болду.

– Балык, сен азырынча ушул жерде каласың. Чоңойгондо мен сага жакшы, чоң көлмө таап берем.

Ошентип, балык Митусан менен калды.



КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

Автор: Сомесунтарам Шанмугаприя
Сүрөтчү: Расадурай Сурендран
Которгон: Айгуль Джунушалиева

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

| | |
|---|---|
| 1-класс | 1.1 деңгээли |
| | 1.2 деңгээли |
| | 1.3 деңгээли |
| 2-класс | 2.1 деңгээли |
| | 2.2 деңгээли |
| 3-класс | **3.1 деңгээли** |
| | 3.2 деңгээли |
| 4-класс | 4.1 деңгээли |
| | 4.2 деңгээли |